Б.М.Акматов,
БГУ, доцент

М.АУЭЗОВДУН АЛГАЧКЫ АДАБИЙ-ЭСТЕТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШЫ ЖАНА ОРТО АЗИЯ ЧӨЛКӨМҮНДӨГҮ АДАБИЙ ПРОЦЕССТЕГИ КЫРДААЛ

М. О. Ауэзовдун чыгармачылыгы толук изилденип бүткөндөй көрүнөт. Анткени анын өмүрү жана чыгармачылыгына карата кызыкчылык бир гана казак адабият таануу илиминде эле эмес, жалпы Орто Азия, ал тургай бир мезгилдеги СССРдин курамында турган мамлекеттердин баарында, ал тургай азыркы Европа менен АКШда өз ордун тапкандай көрүнөт. Бул боюнча М.Маданова «Бальзактын өлкөсүнө Ауэзовдун жолу» китебинде [1] аттуу эмгегинде бул боюнча жеткиликтүү баяндап кеткендиктен, биз мында аны эскерүү менен гана чектелип, бирок көркөм сөз чеберлеринин арасында М.Ауэзов жөнүндө сөз муну менен бүтпөй тургандыгын айта кетели деп турабыз. Буга себеп - көркөм адабиятка болуп көрбөгөндөй из калтырган анын чыгармачылыгы деги эле кандай жолдор менен жаралып жана ал өз доору менен кантип байланышып тургандыгын аныктоо маселеси алып барып такалгандыгында болуп саналат.

М.Ауэзовдун адабиятка келиши, анын художник катары калыптануусу, көркөм-эстетикалык таанып билүүнүн эволюциялык жолу өз алдынча эч кимге байланышы жок өнүккөндөй көрүнгөнү менен залкар сүрөткер катары басып өткөн жолу XX кылымдын алгачкы он жылдыгында башталып, чыныгы профессионалдык деңгээлге өсүп жеткен майда элдердин адабий баалуулуктары кантип калыптанганын аныктоочу эталон катары көрүнөп турат. Мындай ойдун жаралуусуна себеп болгон жагдай, көптөгөн маселелер менен түшүндүрүлөт. *Биринчиден,* анын басып өткөн чыгармачыл жолу, б. а. жетишкен ийгилиги, кетирген катачылыгы, деги эле адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосунда калыптанган көз карашы, андагы оош-кыйыштар толугу менен көп улуттуу совет адабиятындагы адабий турмушта кездешкени, ал тургай дал келгендиги менен түшүндүрүлөт. Маселен, анын чыгармачылыгына кайрылып көргөн адабиятчылардын дээрлик бардыгы анын адабий-эстетикалык көз карашы үч баскычтан туруп, алар бир караганда бири-бири менен тыкыс байланышта жашаганын далилдөөгө аракет кылган болсо, адабий-философиялык жактан алганда бул көз караштар бири-бири менен таптакыр карама-каршы келган дүйнө таанымдын алкагында орун алып келгендигин да көрүүгө болот. Эгер ошол көз караштарды жеке М.Ауэзовдун мисалында эмес, жалпы адабий-эстетикалык ойлордун өнүгүүсү катары караганда андай этаптык баскычтарды биз кыргыз адабиятынан да толугу менен кездештире алабыз.

Экинчиден, биз мында жеке чыгармачыл адамдын өз алдынча калыптанган адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосу катары карап жатканыбыз менен ал дүйнө тааным М.Ауэзовдо кадимки турмуштук көрүнүштөр жана реалдуу кырдаалдар аркылуу калыптанганын эске алсак, ошол мезгилде жашап өткөн бир дагы чыгармачыл адам андан сыртта калбаганын далилдөөсүз эле байкоого болот. Ар бир чыгармачыл адам өз чыгармаларына жеке көз карашы, эч кимге окшошпогон дүйнө кабылдоо менен мамиле кылат дегенибиз менен алардын чыгармачылыгына ошол доордун кандайдыр бир таасири боло тургандыгын жокко чыгара албайбыз. Балким башка доорлордо чыгармачыл адамдын жеке дүйнө кабылдоосу биринчи орунда турушу мүмкүн, бирок эч кимге толук чыгармачыл эркиндик бербеген совет доорунда сүрөткердин өз алдынча эркин болуусу мүмкүн болбогондугун эске алсак, анда М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосунан өз доорундагы адабий-эстетикалык ойлордун эволюциясын “издөө” мыйзамченемдүү көрүнүш болуп саналат. Мына ушул жерден дагы бир нерсени эске алып коюуга тийишпиз, ал бардык совет адамына мүнөздүү болгон болгон көрүнүш, б. а. кандай адабий-эстетикалык туунду болбосун ал ошол доордун кызыкчылыктарынан чыга албагандыгы, өзгөчө конкреттүү бир мезгил менен тыкыс байланышта туруп жаралгандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындай болуп калышына биринчи кезекте ошол мезгилдин жеке чыгармачыл адам менен болгон коомдук-социалдык катыш, ошол мезгилдеги абалга жараша жеке чыгармачыл адамдын ыңгайлашуусу мүнөздүү болгонун айтпай кетүүгө болбойт. Ырас мындай көрүнүш бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгына же адабий-эстетикалык көз карашына гана таандык болбстон, ошол мезгилдин өзү үчүн да мүнөздүү болгондуктан, биз анын адабий-эстетикалык ойлолрунда болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн эволюциясын табууда жана аныктоодо сөзсүз өзү жашаган ар коомдук-саясий өзгөрүүлөр менен байланыштырууга аргасыз болсок, ошондой эле аны ошол мезгилде калем кармаган акын-жазуучулар чыгармачылыгы, өзгөчө алардын жеке дүйнө кабылдоосунда пайда болгон кырдаалдар менен айкалыштырууга милдеттүү болуп отурабыз.

Үчүнчүдөн, М.Аузовдун калеминен жаралган ар бир чыгармасы кокусунан пайда боло калган эмес, анын ар биринде кайсы мезгилде жаралган болсо, ошол учурда болуп жаткан түрдүү коомдук-саясий жана социалдык-нравалык кубулуштардын изи сакталып турат. Мындай көрүнүштү биз ошол мезгилде жашаган ар бир акын-жазуучунун жеке чыгармаларынан гана эмес, жалпы улуттук адабияттан да ачык байкай алабыз. Ошондуктан, ар бир адабий-эстетикалык табылганын жаралуусуна жеке чыгармачыл адамдын дүйнө кабылдоосу кандай маанилүү орунда турса, коомдук-саясий көз караштын, анын таасиринде жашаган социалдык турмуштун да ошончолук орду бар экендигин эсепке алуу милдети ачык байкалат. Ырас, жеке чыгармачыл адамдын таланты, эч кимге окшобогон шыгы ушунда турат, ал өзү жашаган реалдуу турмуштук

көрүнүштөрдөн, коомчулук талап кылган идеялык мазмундан эч ким таба албаган кырдаалды таап, аны өзүнүн дүйнө кабылдоосу аркылуу иштеп чыгып, көркөмдөп, ага өзүнүн идеялык жана эстетикалык табылгаларын сиңирип, көркөм-эстетикалык дөөлөт алгандыгы менен айырмаланат. Бул жагынан алып караганда таланттын ролу зор экендиги талашсыз, бирок ар бир жаратылган адабий эмгектин баалуулугу алган темасын, алдына койгон философиясын канчалык деңгээлде чагылдыра алгандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындай шартта чыгарма жаралган мезгилдин изи чыгарма чагылбай кала берет деп жазуучунун талант-шыгын башкы орунга чыгаруу да туура болбойт, анткени адабият таануу илими эбактан бери аныктагандай, ар бир чыгарманын жаралуусу менен анын адабий процессте өзүнүн туруктуу ордун таап калуусу үчүн коомдук да, социалдык да аң сезимдин ролу да жогору турат. Демек, М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашы калыптанып, анын көркөм чыгармаларында тараптуу чагылдырылышы жана ар кыл мазмунда орун алышы үчүн өзү жашаган мезгилдеги коомдук-социалдык аң-сезим кандай таасирин тийгизген болсо, анын калеминен жаралган чыгармаларда, ар түрдүү учурда жазылган мезгилдүү басма сөз беттеринде жарыяланган пикирлериндеги ойлор адабий коомчулук үчүн ошондой таасирин тийгизгенин жокко чыгара албайбыз. Ошондуктан буларды өз ара диалектикалык байланышта кароо зарылдыгы турат. М.Ауэзовдун чыгармачылыгына, өзгөчө адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусундагы эволюциялык өсүшкө мына ушундай мамиле этүү бир гана казак адабияты эле эмес, аны менен дайыма чыгармачылык байланышта болгон жана андан таасир алган кыргыз адабияты үчүн да маанилүү орунда турат.

Тагыраак айтканда, М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык ой жоруму бир күндө калыптанып калбагандай эле жаш кезинен башталган көз караштын белгилүү бир калыптануусунда эске ала турган нерсе анын эволюциялык өсүшү болсо, анын кыргыз адабияты менен өтмө катар байланышы өзүнчө сөзгө алуу зарылдыгы турат. Бирок бул жерде бир гана жазуучунун жеке көз карашынын алкагында кароо кепке алына турган маселеге бир жактуу мамиле кылгандык болуп калуусу мүмкүн, ошондуктан биз анын чыгармачылыгын, адабий-эстетикалык дүйнө кабылдоосун изилдеген буга чейинки пикирлерге токтолуу жана аны өзү жашаган доор, анда жеке чыгармачылык менен шугулданган замандаштары, андан соң ошол мезгилдеги коомдук-саясий жана социалдык-экономикалык кырдаалдар менен байланыштыруу аракети да тургандыгын мында айтпай коюуга болбойт. Эгер бул мезгилге чейин анын чыгармачылыгына кайрылган казак окумуштуулары анын адабий-эстетикалык көз карашын, үч этапка бөлүп карап келе жатышкан болсо, биз да мына ошол пикирди ошол турушунда кабыл алуу менен мамиле кылууну туура көрүп отурабыз. Анын башкы себеби, мурда изилдеген окумуштуулардын ушундай көз карашка келишине байланыштуу болбостон, андай жолду Орто Азия жана Казакстандагы адабий процесс толугу менен басып өткөндүгүндө жана ал бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгына мүнөздүү болбостон, ошол мезгилде колуна калем кармаган бардык интеллегенцияга таандык болгондугу менен түшүндүрүлөт. Мындан тышкары ал этаптар элдин ошол мезгилде басып өткөн социалдык турмушу менен түздөн-түз байланыштуу болуп, андан тышкары ошол социалдык турмуш аркылуу калыптанган коомдук аң-сезимге тиешелүү көптөгөн түшүнүктөрдү ичине алганы менен да айырмаланып турат. Ошондой эле бул этаптар бир гана М.Ауэзовдун чыгармачылыгында калыптанбастан, ошол мезгилде адабий чыгармачылык менен алектенген бардык акын-жазуучуларга мүнөздүү болгону талашсыз чындык катары кабылдаганыбыз менен алар бир гана М.Ауэзовдун баскан өмүр жолунда, ал жазган чыгармалар аркылуу толук системага салынган үчүн биз Орто Азия жана Казакстан адабий коомчулугу жашап өткөн адабий процесстин эволюциясын, анда жаралган көркөм-эстетикалык туундулардын нарк-насилин ага байланыштырууга, өз ара катышта кароого аргасыз болуп отурабыз.

М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашынын калыптануусу, анын адабий чыгармачылы боюнча түшүнүк алуусу өз дооруна, замандаштарына салыштырганда эрте эле башталганын байкоого болот. Ошондуктан анын чыгармаларын изилдеген окумуштуулардын көпчүлүгү анын адабий-эстетикалык көз карашына мүнөздүү биринчи этапты 1915 – 1922-жылдарга ыйгарып жүрүшөт. Аны казак окумуштуулары казак элинин атактуу агартуучусу Абай Кунанбай уулунун чыгармачылыгы менен байланыштырып келишип, М.Ауэзов бала кезинде мына ошол көз караштын таасиринде, Абайдын чыгармаларын өз оозунан угуп тарбияланганы тууралуу айтып келишет [2]. Ырас, тар маанисинде жана мурдатан калыптанып калган илимий-теориялык түшүнүктөрдүн алкагынан алып караганда мындай пикир талаш-тартышты деле туудурбайт. Анткени, биз советтик адабият таануу илиминен бери карай ким чыгарма жазса сөзсүз түрдү конкреттүү бир кишиден таасир алуусу мүмкүн деген мыйзамченемдүү түшүнүктөр менен жашап калганбыз. Бирок биз кандай да болбосун жеке адамдын аракети белгилүү бир коомдук талаптардан, аны коомчулук кабыл алууга зарыл болгон кызыкчылыктардан, эң негизгиси аны социалдык чөйрө кабылдоого муктаж болгон керектөөлөрдөн жаралганын, б. а. кандай кубулуш болбосун сөзсүз белгилүү бир зарылдыктар тургандыгын дайыма эске албай келгендигибизди бул жерде айтпай кетүүгө болбойт. Кайрадан артка кетип бул маселе кең мааниде токтолууга аргасыз болуп жаткан жагдай ошол мезгилдеги орусташуу саясатына баш ийүү, андагы болуп жаткан түрдүү кубулуштарды чындык катары кабылдоо, ал кубулуштардын мазмуну менен келишүү жана келишпөө сыяктуу коомдук-социалдык маселелер бир гана Абайдын чыгармаларын гана жаратпагандыгын эске алсак, анда дал ошол жылдарда пайда болгон кыргыз элиндеги Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Алдаш Молдо, Тоголок Молдо жана башка ушул сыяктуу инсандардын чыгармалары актай жерден жаралбаганы көрүүгө болот. Экинчиден, Орто Азия жана Казакстанда өз чыгармаларын кагаз бетине түшүрүп, кол жазма түрүндө элге тараткан ошол муундан таалим-тарбия алган, эл турмушуна сергек кароо менен анда болуп жаткан социалдык жашоого баа берүү менен өз алдынча ой жүгүртө алган жаңы муун да М.Ауэзов менен катарлаш келгенин эске алсак, анда ушул тапта аталган чөлкөмдө өзүнүн адабий-көркөм чыгармалары, адабий-эстетикалык, философиялык, ал тургай гуманитардык жана табигый илимий таанууда жана

илимий-техникалык жаңылыктарды өз элине алып келген чөйрөдө өз изин калтырган Ишеналы Арабаев, Ахмет Байтурсынов, Белек Солтоноев, Алихан Букейханов, Осмоналы Сыдыков, Базаркул Данияров, Миржакип Дулатов, Мухамеджан Тынышпаев, Халел Досмухамедов, Турар Рыскулов, Санжар Асфендияров, ж. б. чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн калыптануусуна да жеке адамдын чыгармачылыг эмес, биринчи кезекте ошол мезгилдеги коомдук-социалдык абал зор таасирин тийгизгенин эске алууга тийишпиз. Үчүнчүдөн, бир тарабын араб диний медреселеринен билим алса, экинчилери ошол мезгилде жаңыдан социалдык турмушка аралаша баштаган орус-тузем мектептеринен билим алышканы менен ошол мезгилде адабий коомчулукту толугу менен кучагына алып турган улуттун өзүн-өзү таануу, өзүнүн улуттук эркиндигин эңсөө аракеттери башталганын да бул жерде айтпай коюуга болбойт. Ырас, биз мында зарылдыгына жараша айрымдарын гана санап өткөнүбүз менен анын мазмунун түзүп жана аныктап турган мындан да башка көптөгөн факторлор болгондугун да белгилебей коюуга болбойт.

М.Ауэзовдун адабий-эстетикалык көз карашында өзүнүн толук изин калтырган ошол мезгилдеги коомдук-адабий турмуштун өзү сыдыргыга салгандай бир тараптуу өнүкпөгөндүгүн, алар дайыма ички карама-каршылыкта бирин-бири тануу, жокко чыгаруу, ошол эле мезгилде карама-каршылыктын ички биримдигинде өнүгүп келгендигин да айта кетели. Сыртынан эле даана көрүнүп тургандай, мындай келишпестик Орто Азия жана Казакстан чөлкөмүндө ошол жылдарда орун алган эски менен жаңынын ортосунда болгондугун, б. а. бир нече кылымдан бери калыптанып, аталган чөлкөмдө туруктуу ордун таап калган ислам философиясына сугарылган улуттук маданият менен өзүнүн коомдогу артыкчылыгы аркылуу акырындап үстөмдүк кыла баштаган орус маданиятынын таасиринде түптөлө баштаган жаңы башталмалардын ортосунда жүргөндүгүн дагы бир жолу белгилесек, ал анын “кичи көчүрмөсү” катары М.Ауэзовдун алгачкы өмүр жолунан жана чыгармаларында орун алып келет. Анын башкы мисалы катары Мухтар Ауэзовдун Семипалатинский уездине караштуу Чыңгыс болушунда көчмөндөрдүн үй-бүлөсүндө төрөлүшүн, 12 жашында атасынан, 15 жашында энесинен ажырашын, чоң атасы Ауэздин колунда тарбияланышын, 6 жашынан тартып молдо Мурсеиттен кат-сабатын жоюшун алсак болот, анткени мына бул фактылар анын өмүр жолу өзүнүн замандаштарынын эч кимисинен айырмаланбай тургандыгын ачык көрсөтүп турат [3]. Эне сүтү оозунан келе элек мезгилде чоң атасынын аны Абайдын кол жазма түрүндө тараган ырлары менен тааныштыруусу, жаңыдан калыптанып келе жаткан балалык дүйнө таанымга өз изин калтырбай койбостугун эч ким тана албайт. Бул тагдыр жеке М.Ауэзовдун өзүнө гана таандык болуп көрүнгөнү менен ал ошол доордо жашаган көптөгөн чыгармачыл адамдарга мүнөздүү экендигин алардын өмүр таржымалын өз ара салыштырып көргөндө ачыкка чыгат. Ырас, айрым бир өзгөчөлүктөр болгону менен дал ушундай билим алуу, диний молдодон, андан соң эл ичине кеңири тараган көркөм чыгармалардан адабий-эстетикалык дүйнө таанымын калыптандыруу XIX кылым менен XX кылымдын тогошкон жеринде өмүр кечирип, билим алган кыргыз “молдолорунун” баарына мүнөздүү экендиги анык.

Кыргыз жана башка Орто Азия адабиятында XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башында чыгармачылыгын баштаган акын-жазуучулардын адабий-эстетикалык дүйнө таанымы өзүнчө бир этап, ал эми ошол мезгилдерде жаралган чыгармалар өзүнчө бир көркөм-эстетикалык туунду катары көрүнгөн болсо, аларга мүнөздүү көркөм-эстетикалык дүйнө кабылдоо М.Ауэзовдун алгачкы чыгармаларында идеялык-эстетикалык мазмун толук сакталгандыгын көрүүгө болот. Советтик адабият таануу илими М.Ауэзовдун дал ушул мезгил менен байланышкан чыгармаларын идеялык жаңылыштык катары түшүндүрүүгө аракет кылганы менен анын баалуулугу ушунда турат, өзүнө чейин адабий коомчулукта калыптанган бардык эстетикалык дөөлөттөрдү боюна сиңирип, ошол доордун ири жетишкендигин, адабий процесс эмнени жана кантип ойлонгондугун, көркөм ойду берүү ыкмаларын, чыгарма жаратуу чеберчилигин, ошол жылдарда акын-жазуучулар кандай темаларды жазууга аракет кылганын жана аны кандай жолдор менен окурманга жеткире алгандыгын өз чыгармалары аркылуу туюндура алгандыгы болуп саналат. Анын Октябрь революциясына чейин жаралган «Енлик-Кебек» пьесасы, «Коргоосуздун күнү», «Ким күнөөлүү», «Жетим», «Сыбондун мүрзөсүндө», «Өткөндүн көлөкөсүндө», «Барымта», «Кайгыдагы сулуу» сыяктуу аңгеме, повесттери бул ойго толук мисал болуп бере алат.

Ырас, анын калеминен ушул жылдарда жарык көргөн чыгармалардын бардыгы тең классикалык эмес экендиги белгилүү болсо да, Орто Азия чөлкөмүндө акын-жазуучулар, деле чыгармачыл адамдар эмне себептен мына ушул сыяктуу темаларга кайрылганын ачып түшүнүүгө, алардын актуалдуу кандай шарттар менен байланыштуу жаралып, кантип адабий коомчулук мына ошол тематикаларга артыкчылык бергенин билүүгө болот. Тагыраак айтканда, ошол мезгилде жашаган чыгармачыл адамдардын социалдык коомчулук менен болгон байланышы түздөн-түз эл арасында болуп жаткан түрдүү проблемаларга жооп берүү, аларды жоюу аракетин карата ойлорун ортого салуу менен коштолсо да, негизинен А.Байтурсынов белгилегендей, аны ишке ашырууда башкы артыкчылык адабиятка, адабий ой жүгүртүү аркылуу элге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү аракетине бурулуп, ар бир патриот өзүнүн коомчулукка тиешелүү көз карашын дал ушул багытта берүүгө умтулганы менен туюндурулат. Ал эми М.Ауэзовдун алгачкы чыгармалары анын бирден-бир үлгүсү болуп кала бермекчи.

Адабияттар

1. Маданова М. Путь Ауэзова в страну Бальзака. – Алматы, Ника, 1997. – 160 с.
2. Анастасьев Н. Мухтар Ауэзов: ностальгия обелисков // Простор. - 2005. - № 7. - С. 135-157.
3. Ауэзов М. в Семипалатинске: (Документы рассказывают). - Семипалатинск, 1997. - 37 с.